**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети**

**Кыргыз билим берүү академиясы**

Д 13.20.618 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК: 371:37.013(575.2)(043.3)

**Кудайбердиева Гульмира Каримовна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН БАШКАРУУНУН ИЛИМИЙ НЕГИЗДЕРИ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2022**

Иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Добаев Кыргызбай Дүйшөнбекович –** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү, инклюзивдик жана үзгүлтүксүз билим берүү борборунун директору

**Расмий оппоненттер:** **Наркозиев Аманбек Карашевич –** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргызстан Эл аралык университетинин филология жана коммуникациялар кафедрасынын башчысы

**Чжен Ирина Николаевна –** педагогика илимдеринин кандидаты, Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин психология кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү мекеме:** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектебинин педагогикасы кафедрасы. Дареги: 720040, Бишкек ш., Фрунзе көч., 543

Коргоо 2022-жылдын 14 майында саат 13.00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 13.20.618 диссертациялык кеңештин жыйында 720040, Бишкек шаары, И. Раззаков көч., 51 дареги боюнча өтөт. Диссертацияны коргоону онлайн көрсөтүүнүн жеке коду: https://vc.vak.kg/b/132-3bn-fgw-pkn

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин 720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51 дареги боюнча жана Кыргыз билим берүү академиясынын Бишкек ш., Эркиндик проспекти, 25 дареги боюнча илимий китепканаларынан жана диссертациялык кеңештин сайтынан (www.arabaev.kg) таанышууга болот

Автореферат 2022-жылдын 12 апрелинде таркатылды

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** **Дюшеева Н.К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы шартта сапатты камсыз кылуу Кыгызстандын билим берүү системасы үчүн негизги категория болуп саналат. Мындай талаптар акыркы жылдары кабыл алынган стратегиялык жана ченемдик документтерге коюлууда. 2014-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартында билимдин сапатынын маңызы билим берүүнүн натыйжасынын ар кандай билим берүү субъекттеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн, бүтүндөй эле коомдун) күткөндөрүнө же алар алдыга койгон максаттары менен милдеттерине ылайык келүү даражасы катары мүнөздөлөт [Кыргыз Республикасынын орто жалпы билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты / Кыргыз Республикасынын билим берүү кызматкерлеринин дайыма колдонулуучу китеби. – Бишкек, 2015. – 89-106-б.]. Кабыл алынган «Санарип Кыргызстан» 2019-2023 санариптик трансформация концепциясында прорамманы ишке ашыруу билимдин сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүүгө тийиш. 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн жаңы натыйжаларына жана сапатына багытталган модернизацияланган билим берүү саясатын ишке ашырууда мамлекеттин ролу так көрсөтүлөт. 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасын онүктүрүүнүн улуттук программасы билим берүү жакырчылыкты кыскартуунун жана экономикалык өсүштүн эң аракетүү шаймандарынын бири болуп саналат деп аныктайт.

Кабыл алынган документтер коомдун, өлкөнүн суроо-талаптарына жана адамдардын зарыл муктаждыктарына билим берүүнүн ылайык келишин талап кылат. Бул азыркы мектепке өзгөчө талаптарды коет. Ал жаштардын коомдо ийгиликтүү социалдашуусуна, жаш муундардын компетенцияларды өздөштүрүүсүнө көмөктөшүүгө тийиш. Бул ниеттер активдүү педагогикалык изденүүгө көңүл бурууну күчөтүүнү шарттайт.

Белгилүү болгондой, билим берүүнүн сапаты окуу жайлары тарабынан берилүүчү билим берүү кызматтарынын белгиленген талаптарына жана сапатына билим берүү системасынын ылайык келүү даражасы катары каралат. Мектепте билим берүүнүн сапатын жогорулатуу көп факторлордон, анын ичинде окуу-тарбия процессин уюштуруу сапатынан жана билим берүүнүн сапатын башкаруунун натыйжалуулугунан көз каранды. Процесс менен натыйжанын ортосундагы талаптагыдай өз ара байланышты камсыз кылууда билим берүүнүн сапатын башкаруу маанилүү ролду ойнойт. Башкача айтканда, билим берүүнүн сапатына жетишүү үчүн башкаруу дагы сапаттуу болууга тийиш, бул башкаруучулук иштин болжолдуу натыйжасына жетишүүнү камсыз кылуучу жаңы формаларды жана методдорду издөөнү, иштеп чыгууну жана практикалык киргизүүнү болжойт.

Демек, биздин изилдөөнүн актуалдуулугу билим берүүнүн сапатын башкарууну өркүндөтүү жаатында билим берүүнү өнүктүрүүнүн объективдүү тенденцияларынын болушу менен шартталат.

Билим берүүнүн сапатынын теориялык маселелери Т.М. Давыденконун (2008), В.А. Кальнейдин (1998), А.И. Субеттонун (1992), С.Е. Шишовдун (1998), М.М. Поташниктин (1991), Н.А. Селезневанын (1992) изилдөөлөрүндө чагылдырылган. Билим берүүнүн сапатын башкарунуну теориялык көйгөйлөрү С.В. Кульневичтин (1998), Л.Я. Зоринанын (2001), Ю.А. Конаржевскийдин (1986), В.С. Лазаревдин (1995), В.П. Панасюктун (2000), П.И. Третьяковдун () эмгектеринде каралат. Бир катар кыргыз окумуштуулары И.Б. Бекбоев (2010), Э.М. Мамбетакунов (2006), А.М. Мамытов (2007), Ж.К. Каниметов (2011), Н.А. Асипов (2017), И.С. Болджурова (2014), А.К. Наркозиев (2014), А.Т. Калдыбаева (2017), С.К. Калдыбаев (2019) жана башкалар билим берүүнүн сапатынын түрдүү аспектилерин, анын ичинде баалоо системаларын карап, бул маселени чечүүнүн өз алдынча жолдорун сунушташат. Ж.К. Каниметовдун (2010) докторлук иши Кыргыз Республикасында билим берүүнү башкаруунун демократташтырунун илимий-педагогикалык негиздерин иштеп чыгууга арналган. А.Ж. Ажыбаеванын (2018) жана Ж.Ж. Жакшылыковдун (2018) иштери «билим берүүнү башкаруу» түшүнүгүн өнүктүрөт, бирок бул иште изилдөөнүн объекти болуп жогорку окуу жайындагы окутуу процесси саналат. Мектепте баалоо системасын калыптандыруу маселелери да И. Низовская (2016) А.М. Ниязова (2018), Г.А. Касымова (2018) жана башка кыргыз окумуштууларынын диссертациялык эмгектеринде каралат. Ошол эле учурда окуучулардын билим алуу жетишкендиктерин баалоо проблемалары аз изилденген аспектилер бойдон калууда. Заманбап баалоо системасын калыптандыруу маселелери акыркы жылдары Кыргыз Республикасы 2025-жылы Эл аралык PISA изилдөөсүнө катыша тургандыгын жарыялагандан кийин өзгөчө актуалдуу болду.

Билим берүүнүн сапатынын жана билим берүүнүн сапатын башкаруунун көйгөйлөрүн кеңири изилдөөлөргө карабастан, Кыргызстанда жалпы мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун көйгөйлөрүн изилдөө маселелери терең изилденген эмес. Алсак, мисалы, жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруу механизмдерине олуттуу көңүл бурулбай, билим берүүнүн сапатын башкарууну натыйжалуу калыптандырууну камсыз кылуучу уюштуруучу-педагогикалык шарттар жөнүндө маселе жетишсиз изилденген. Мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруу процесси дайыма эле натыйжалуу эмес, бул баарынан мурда, мектепте окуп жаткандардын билим сапатын башкаруунун моделинин жана педагогикалык шарттардын жетишсиз иштелгендиги тууралуу күбөлөндүрөт.

Изилдөөнү теориялык активдештирүү жана бул көйгөйдү методикалык жактан бекемдөө окуу-тарбия процессин автоматташтырууга гана эмес, Кыргызстандын билим берүү системасынын бирдиктүү маалымат базасын түзүүгө багытталган билим берүүнүн сапатын башкаруунун маалыматтык системасын түзүү менен да байланыштуу.

Ушуга байланыштуу төмөнкүлөрдүн ортосунда айдан ачык карама-каршылык пайда болуп чечим талап кылат:

– коомдун мектептеги билим берүүнүн сапатын жогорулатуу

муктаждыгы менен мектептеги билим берүүнүн сапатын башкаруунун учурдагы абалы ортосунда;

– мектептик билим берүүнүн сапатын башкарууну өркүндөтүү зарылчылыгы жана мектептик билим берүү процессинин сапатын башкаруу боюнча иш-чараларды илимий-методикалык камсыздоонун жетишсиздиги

Колдонулуп жаткан карама-каршылыктар изилдөөнүн темасын тандоону шарттады: «**Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн сапатын башкаруунун илимий негиздери**».

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасында кабыл алынган стратегиялык жана ченемдик документтер менен байланыштуу жана И. Арабаев атындагы КМУнун илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты**: Кыргыз Республикасындагы мектептик жалпы билим берүүнүн сапатын башкаруунун илимий негиздерин, моделдерин, мектептик жалпы билим берүүнүн сапатын башкаруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу жана анын натыйжалуулугун эксперименталдык негиздөө.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Адабияттарды илимий-методикалык талдоонун негизинде «билим берүүнүн сапаты» түшүнүгүн тактоо жана «жалпы мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруу» түшүнүгүнүн маңызын ачуу жана Кыргыз Республикасындагы мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун абалын аныктоо;

2. Жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун моделин иштеп чыгуу;

3. Жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун уюштуруучу-педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу;

4. Жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун иштелип чыккан моделинин натыйжалуулугун эксперименттик текшерүү.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы** төмөнкүлөрдөн турат:

– «билим берүүнүн сапаты» түшүнүгүнүн маңызы өз ара байланышкан элементтерден турган система катары такталды (билим берүү процессинин сапаты, билим берүү натыйжасынын сапаты, шарттардын сапаты);

– мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун мамилелери жана принциптери аныкталды;

– жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели иштелип чыкты;

– жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын натыйжалуу башкарууга өбөлгө түзүүчү уюштуруучу-педагогикалык шарттар аныкталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөөдөн алынган натыйжалар реалдуу педагогикалык практиканын шарттарына ыңгайлаштырылган жана жалпы билим берүүчү мектептин практикалык ишинде колдонулушу мүмкүн. Натыйжалар жалпы мектептик билим берүү системасын өркүндөтүү үчүн методикалык материалдар жана сунуштамалар катары билим

берүү башкармалыгынын жетекчилеринин квалификациясын жогорулатуу курстарында колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Билим берүүнү башкаруу сапаты билим берүүнүн сапатынын курамдык бөлүгү катары билим берүү системасынын объектине таасир этет, ал билим берүү системасын калыптандырууну камсыз кылат, коомдун, иш берүүчүлөрдүн жана билим берүү кызматын керектөөчүлөрдүн муктаждыктарын эске алуу менен билим берүү системасын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

2. Билим берүүнүн сапатын башкаруудагы мамиле мектепте билим берүү процессин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүнөн, ошондой эле билим берүүнүн сапатын башкаруунун мүнөзүнөн улам келип чыккан баштапкы жобо катары мүнөздөлөт. Системалуу, ишмердик, квалиметрикалык, технологиялык, инсанга багытталган, методологиялык мамилелер жалпы мектептик билим берүүнүн сапатын башкарууда негизгилерден болуп саналат.

3. Жалпы мектептик билим берүүнүн сапатын башкарууну жөнгө салуучу негизги принциптер болуп төмөнкүлөр саналат: башкаруу ишинин биримдигин камсыз кылуучу бүтүндүк, ырааттуулук, баалуулукка багытталгандык, өзүн-өзү өнүктүрүү, системалуулук, рефлекция.

4. Концептуалдуу, мазмундук-максаттуу, диагностикалык-аналитикалык, ишмердик-мониторингдик жана жыйынтыктоочу блоктор жалпы мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун моделин түзөт. Ар бир блок өз ара байланыштагы блокчолорду камтыйт жана жалпы мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун механизмин камсыз кылат.

5. Жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун уюштуруучу-педагогикалык шарттары төмөнкүлөрдү мүнөздөйт: стратегиялык пландарды иштеп чыгуу жана кабыл алуу аркалуу инновациялык өнүктүрүүгө карата билим берүү мекемелеринин багыт алуусу; мектепте уюштуруу жана методикалык ишти өркүндөтүү; кызматкерлерди кызыктыруу жана түрткү берүү; билим берүүнүн сапатын ийгиликтүү башкарууга өбөлгө түзүүчү маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**: билим берүүнүн сапаты боюнча, билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча теориялык иштер жана Кыргыз Республикасынын мектепте жалпы билим берүүнүн сапатын башкаруунун абалы изилденди. Педагогикалык эксперименттер уюштурулду жана жыйынтыктар чыгарылды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо:** изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын жыйынында, «Актуальные проблемы образовательного процесса в школе и ВУЗе» илимий-практикалык конференциясында (Бишкек, 2017-ж.); «Проблемы современного образования» V Эл аралык илимий-практикалык конференциясында (ОшМУ 2020-ж.); «Онлайн окутуу шарттарында окутуунун өркүндөтүүнүн методикалык маселелеринде» (Бишкек, 2020-ж.) талкууланды.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыялоолордо чагылдырылышы.** Диссертациянын негизги натыйжалары автордун 11 жарыялосунда чагылдырылган. Алардын ичинен «Качество знаний как важный

компонент качества образования» макаласы Россия Федерациясынын РИНЦ системасына кирген «Тенденции развития науки и образования» илимий журналына жарыяланган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 174 бет. Диссертацияда 203 адабий булак пайдаланылган.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуугу негизделди, көйгөйлөрдү иштеп чыгуу даражасы ачылды, изилдөөнүн максаты жана милдеттери коюлду, изилдөөнүн карама-каршылыктары баяндалды, коргоого коюлуучу жоболор түзүлдү, илимий жаңылыгы, изилдөөнүн натыйжаларынын теориялык жана практикалык мааниси негизделди.

**Изилдөөнүн «Билим берүүнүн сапатын башкаруунун теориялык жана практиккалык маселелери» деген биринчи бөлүмү** "билим берүүнүн сапаты" түшүнүгүнүн маңызын, билим берүүнүн сапатын башкаруунун көйгөйлөрүнүн изилденишин талдоого, изилдөөнүн биринчи милдетин чечүүгө багытталган Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүсүнүн сапатын башкарунун абалын изилдөөгө арналган.

Бүгүнкү күндө билим берүүнүн деңгээли жана сапаты өлкөнүн бакубатчылыгына таасир этери көбүрөөк баамдалууда. Жалпы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу милдети мамлекеттик маанилүү милдет катары алдыга чыгат. Билим берүүнүн сапатын жакшыртуу жөнүндө маселе мурунтан бери коюлуп келүүдө, биринчи жолу бул көйгөй севеттик педагогикада 30-жылдары айтылган. XX кылымдын аягында, XXI кылымдын башында билим берүүнүн сапаты жөнүндө маселе көтөрүлгөн.

Окумуштуу-педагогдор билим берүүнүн сапатын билим берүүнүн күткөндөрүнө жана муктаждыктарына ылайык келиши катары (С.Е. Шишов, В.А. Кальней), максаттын жана натыйжалардын карым-катышы (М.М. Поташник, Д.Ш. Матрос), билим берүү процессинин жана билим берүү стандартынын талаптарына анын натыйжаларынын ылайык келиши катары (А.И. Субетто, В.И. Байденко) аныкташат. Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартында, билимдин сапаты – бул билим берүүнүн натыйжасынын ар кандай билим берүү субъекттеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн, бүтүндөй эле коомдун) күткөндөрүнө же алар алдыга койгон максаттары менен милдеттерине ылайык келүү даражасы. Ишти изилдөө жалпы мектептик билим берүү өзүнө билим берүүнүн интеграциялык мүнөзүн алып жүрөрүн түшүнүүгө мүмкүндүк берет, мында маанилүү болуп билим берүүнүн мазмунунун сапаты, билим берүүнүн натыйжаларынын сапаты жана башкаруу сапаты эсептелет.

Билим берүүнүн сапатында маанилүү орун билим компонентине таандык. Билимдин сапатынын негизинде билим берүүнүн сапаты тууралуу же тигил же бул билим берүү мекемелери жөнүндө баа берүүгө болот. Диссертацияда билим

сапатынын ролу жана түрлөрү талдоого алынды. Билим берүүнүн сапаты органикалык түрдө «көрсөткүч», «критерий», «белги» түшүнүктөрү менен байланыштуу. Бул түшүнүктөр Э.Б. Кайнованын, А.Е. Бахмутскийдин, Ю.А Конаржевскийдин, С.Е. Шишовдун ж.б. изилдөөлөрүнүн предмети болду. Критерийлер катары стандарттар, эталондор же ченемдер чыгышы мүмкүн. көрсөткүч – бул сапаттык жана сандык билим алуу үчүн өлчөнүүчү объекттин мүнөздөмөсү. Көрсөткүч белгилерге, индикаторлорго чейин деталдаштырылышы мүмкүн. Көрсөткүчтүн абалын изилдөө менен объекттин өзүнүн абалы тууралуу корутунду берүүгө болот. Ошондуктан педагогикада объекттин абалын объективдүү баалоо үчүн анын көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу олуттуу мааниге ээ.

«Башкаруу» түшүнүгү педагогикалык изилдөөлөрдүн жетектөөчү категориялары жана өз алдынча объекти болуп саналат. Алар тарабынан аткарылуучу функциялардын позициясында каралат. Башкаруу билим берүү системасынын объектине таасирин түшүндүрүү менен иштин бөлүгү катары мүнөздөлөт. Ю.А. Конаржеский билим берүүнү башкарунун теориялык негиздерин изилдеген. Ал башкаруу ырааттуу процесске багытталган максаттуу ишти жана аны өркүндөтүүнү алып жүрөт [Конаржевский, Ю.А. Педагогический анализ учебно-воспитательного процесса и управление школой. – М., 1986. – 144 б.]. Билим берүүнү башкаруу циклдик мүнөзгө ээ. Ар бир жолу кезектеги цикл бүткөндө, жаңы циклдин этаптары башталат: башкаруунун максатын аныктоо; башкарылуучу системанын баштапкы абалын аныктоо; билим берүү системасынын абалынын негизги өткөөлдөрүн караган таасир берүүчү программаларды түзүү; кайтарым байланышты жүзөгө ашыруу; билим берүү системасынын таасирин жөнгө салууну жүзөгө ашыруу.

Билим берүүнү башкарууда «башкаруу функциялары» жана «башкаруу принциптери» деген түшүнүктөр олуттуу мааниге ээ. В.Г. Афанасьев, Ю.А. Конаржевский, П.И. Третьяков, Н.Ф. Талызина бул түшүнүктүн маңызын терең изилдеген. Башкаруу функциясын жалпылаганда башкаруу объектинин абалын жакшыртуу максатында башкаруучулук ишти дайындоо катары аныктоого болот. Ар бир функция өзүнө башкарылуучу объектке карата чечим даярдоого жана кабыл алууга багытталган башкаруучулук аракеттердин белгилүү түрүн көрсөтөт. Биз функцияны туура коюу үчүн башкаруу аракетинин түрүн жана анын объектин коюу керек деп эсептейбиз. Башкарууну жүзөгө ашырууда жетекчиликке алынышы керек болгон талаптардын системасы катары мүнөздөлүүчү башкаруунун принциптерин билүү зарыл. Башкаруу принциби ченемдик билдирүүлөр түрүндө объекттерди жана процесстерди башкаруу мыйзамдарын ишке ашырат. Бул башкаруу теориясы педагогикалык теория сыяктуу баяндоочу эле эмес, жазылуучу жоболорго да ээ экендиги менен түшүндүрүлөт.

Адабияттарды талдоо билим берүү системасын оптималдуу калыптандырууга жана өнүктүрүүгө багытталган башкаруу субъекттеринин иши катары билим берүүнү башкаруунун маңызын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Башкаруучулук иш аркылуу билим берүү системасын башкарунун маңызын аныктоо башкаруу теориясынын негизги жоболоруна таянат. Бул

учурда башкаруучулук иш башкаруу функциясын ишке ашыруу катары, билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу максатында анын таасирин башкаруучу катары

каралат. Айтылгандардан улам билим берүүнүн сапатын башкаруу билим берүү мекемелеринин инновациялык иши менен, инновацияларды администрациянын башкаруучулук ишине да,мугалимдердин ишине да киргизүү менен тыгыз байланыштуу.

Ошентип, билим берүүнү башкаруу боюнча, билим берүүнүн сапаты жана билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча булактардын талдоо, бизге мектептик билим берүүнүн сапатын башкарууну билим берүүнүн максаттарына жетишилген көрсөткүчтөргө ылайык келүүнү камсыз кылуучу билим берүү ишин уюштуруунун формалары жана ыкмалары катары жумушчу аныктамасын түзүүгө мүмкүндүк берет. Билим берүүнүн сапатын башкаруунун элементтери катары билим берүүнүн реалдуу абалын баалоону, билим берүү ишин болжолдоону жана пландоону, аны программалык-методикалык камсыз кылууну, биилм берүүнүн натыйжаларын изилдөөнү, аларды түзөтүүнү кароого болот.

Билим берүүнүн сапатын башкаруу проблемасын изилдөөнүн анализин жыйынтыктап жатып, мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруу маселесинде максаттар боюнча башкарууну камсыз кылуучу илимий билимдердин системасы катары төмөнкү илимий негиздер байкоого боло тургандыгын белгилей кетүү керек. (В.П.Беспалько, Г.М. Конаржевский), максаттарды диагностикалык жол менен коюп, максаттарга жетүүнүн көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу жана системалуу өлчөө жана баалоо жана билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы жүргүзүлүшү керек (Е.М. Коротков, М.М. Поташник).

Биздин изилдөөдө Кыргызстанда билим берүүнүн сапатын башкаруунун абалы изилденди. «Билим берүү системасын башкаруу» түшүнүгүн чечмелеп тшүндүрүү алгачкы аракети Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө Мыйзамында каралган (2003). Мыйзамда билим берүүнү башкаруу үчүн ыйгарым укуктарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, борбордук жана региондук билим берүү башкаруу органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ээ экендиги белгиленген. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылууга багытталган маанилүү мамлекеттик документтер Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы, Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты болду (2014). Анда Кыргыз Республикасында билим берүүнүн сапатын башкаруунун негизги багыттары шартталган, окуучулардын жана педагогдордун компетенцияларга негизделген мектептик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу милдети коюлган.

Билим берүүнү башкаруу системасын реформалоонун маанилүү кадамы билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасын (ББМС) киргизүү болду, ал билим берүү органдарын жана уюштуруу системасы, ошондой эле жарандардын билим кызматтарын алуусу, билим берүүгө жетүү жана сапатын жогорулатуу үчүн маалыматтык колдоого багытталган. ББМС ишинин принциби боюнча маалыматтар КР БИМ серверинде сакталат. ББМС бардык

колдонуучулары категорияларга бөлүнгөн жана ар кандай укуктарга ээ. Мисалы, билим берүүнү башкаруу органдарынын кызматкерлери окуучулар же мектептер боюнча маалыматтар менен таанышууга болот.

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн башкаруунун абалын талдоо Билим берүү министрлиги билим берүү түзүмдөрүнүн башкаруу функцияларына ээ экендигин көрсөтөт. Билим берүү концепцияларын жана стратегияларын кабыл алуу менен, билим берүү жана илим министрлигинде бир катар функцияларды күчөтүүгө, биринчи кезекте, бардык деңгээлде билим берүү сапатынын саясатын иштеп чыгууга жана контролдоого багытталган өзгөртүүлөр жүргүзүлдү. Сунушталган саясат жана мыйзамдарда өзгөртүүлөр, биринчи кезекте министрликте иштелип чыгат жана андан кийин гана Репсубликанын парламентинде талкууланат жана кабыл алынат.

**«Жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча изилдөөнүн методологиясы жана методдору»** деген экинчи бөлүмүндө жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун мамилелери жана принциптери жөнүндө маселелер каралды, изилдөөнүн экинчи жана үчүнчү милдеттерин чечүүгө арналган жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели жана уюштуруучу-педагогикалык шарттары иштелди.

**Изилдөөнүн объекти** болуп мектептик билим берүүнү башкаруу процесси саналат. **Изилдөөнүн предмети** болуп мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруу саналат.

Изилдөөнүн экинчи милдетин чечүүдө биз тараптан билим берүүнү башкаруунун системалуу, ишмердүүлүк, квалиметрикалык, технологиялык, инсанга багытталган жана компетенттүү мамилелери талдоого алынды. Мамилелер бизге билим берүүнү башкаруунун негизги жоболорун аныктоо боюнча илимий изилдөөнү уюштурууга мүмкүндүк берүүчү илимий методдорду бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. *Байкоо* башкаруу субъекттерине маанилүү жана кечиктирилгис чечимдерди кабыл алуу үчүн негиз болуучу башкаруу объекттеринин абалы жөнүндө маанилүү маалыматты берет. *Салыштыруу* – бул башкаруу объекттеринин ортсундагы айырмачылыкты аныктоо, алардын жалпылыгын табуу. *Өлчөө* – айрым чоңдуктарды эталону менен салыштыруу аркылуу алардын сандык маанисин аныктоочу физикалык процесс. *Талдоо* – курамдык бөлүгүнө изилдөө предметтерин мүчөлөштүрүүнүн жана бөлүүнүн жардамында таануу методу, анын жардамы менен башкаруунун абалы жөнүндө маалыматтар алынышы мүмкүн.

*Синтез* – бир бүтүндүктөгү предметтин айрым тараптарын элестетүү менен байланыштыруу. Жалпылоо бизге башкаруунун абалын изилдөөнүн айрым натыйжаларын жыйынтыктоого мүмкүндүк берет, жалпылоо бизге жаңы түшүнүктөрдү калыптандырууга, мыйзамдарды жана теорияларды түзүүгө жардам берет.

Жогоруда каралган мамилелер жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын натыйжалуу башкаруу үчүн принциптер системасынын болушун шарттайт. Иштерди талдоо бүтүндүктүн өз ара байланыштагы

принциптерин, ырааттуулукту, рефлекцияларды, баалуулукка багытталгандыгын, өзүн-өзү өнүктүрүүнү, билим берүүнүн сапатын башкаруунун системалуулугун бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Теориялык иштерди, билим берүүнүн сапатын башкаруунун механизмдерин изилдөө, ошондой эле билим берүүнү башкаруунун практикасын талдоо жалпы билим берүүнүн сапатын башкарунун төмөнкү моделин сунуштоого мүмкүндүк берди (2.1-сүрөт).

**Концептуалдык блок** билим берүүнүн сапатын башкаруунун мамилелерин, принциптерин жана функцияларын, уюштуруучу-педагогикалык шарттарын камтыйт. Билим берүүнүн башкаруунун функциялары катары аныкталды: болжолдоо, программалоо, пландоо (алдын ала башкаруу), планды жүзөгө ашыруу (ыкчам башкаруу).

Концептуалдык блокто моделдер уюштуруучу-педагогикалык шартта дагы келтирилди, алар билим берүүнүн сапатын башкаруу процессин ийгиликтүү түзүүгө, мүмкүн болуучу кыйынчылыктарды жана четке кагууларды өз убагында айкындоого жана оптималдуу педагогикалык жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга жана жалпысынан билим берүүнүн сапатын камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

**Мазмундуу-максаттуу блок** билим берүүнүн сапатын башкаруунун максатынан, мазмунунан жана деңгээлинен турат. Башкаруунун каалаган иши коюлган максатты ишке ашыруу көз карашында жүзөгө ашырылат. Билим берүүнүн сапатын башкаруунун максатын, милдеттерин түзүү аркылуу конкреттештирилет. Мында билим берүүнүн сапатын башкаруунун максаты да, милдеттери да диагностикалуу коюулууга тийиш. Жалпы билим берүүнүн сапатын башкаруунун мазмуну башкаруу жана иш-аракеттер планын иштеп чыгуу боюнча негизги аракеттерди аныктоону болжойт. Билим берүүнүн сапатын башкаруунун планы негизги иш аракеттерден жана ишке ашыруу механизмдеринен, алардын ишке ашыруу мөөнөттөрүнөн турат.

**Диагностикалык-аналитикалык блок.** Ал төмөнкүлөрдөн турат: 1) жалпы билим берүүнүн сапатын башкаруунун абалын диагностикалоо; 2) жалпы билим берүүнүн сапатын башкарууну мазмундук талдоо; 3) жалпы билим берүүнүн сапатын башкарууну ппландоо.

**Ишмердик-мониторингдик блок**. Бул блок дагы үч блокчодон турат. «Жалпы билим берүүнүн сапатын башкаруу иши» блокчосу жалпы билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча башкаруу процессин ачып берет. Башкаруунун бардык катышуучуларынын иши уюштурулат, кыйла жогору натыйжага жетишүү максатында ички жана тышкы башкаруунун бардык компоненттеринин өз ара аракеттенүүсүн жүзөгө ашырат.

«*Жалпы билим берүүнүн сапатын башкарунун абалын мониторинг кылуу*» блокчосу атайын иштелип чыккан көрсөткүчтөрдүн жардамы менен билим берүүнүн сапатын башкаруунун абалын көзөмөлдөөнүн маңызын ачып көрсөтөт.




**2.1-сүрөт. Жалпы билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели**

«*Планды түзөтүү жана башкаруу процесси*» үчүнчү блокчосу билим берүүнүн сапатын башкаруу планына өзгөртүүлөрдү киргизүү процессин камтыйт. Билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча иштин андан аркы процесси түзөтүлгөн план боюнча жүзөгө ашырылат.

**Жыйынтыктоочу блок: деңгээлдер**. Бул блок жалпы билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча иштин белгилүү циклинин жыйынтыгын чыгарат. Эгерде максатка жетишилгени тастыкталса, төмөнкү аракет жүзөгө ашырылат: максат коюлат, максатка жетишүү үчүн каражаттар тандалат, эгерде максатка жетишилбегени аныкталса, максаттан артка чегинүүгө жол берген факторлорду билүү үчүн, аларды өз убагында жоюу үчүн бардык процесске талдоо жүрөт.

Билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча иштин натыйжалары башкарууну уюштуруунун белгилүү репродуктивдик, продуктивдик жана чыгармачыл деңгээлдери катары белгиленет. Башкаруунун репродуктивдик деңгээли башкаруунун төмөнкү деңгээли болуп саналат. Бул деңгээлде негизинен субординацияны ишке ашырууга багытталган регламенттердин, тескемелердин, нускамалардын жардамы менен таасири жүзөгө ашырылат. Билим берүүнү башкаруунун продуктивдик деңгээли. Бул деңгээл башкаруучулук иштин продуктивдик иши катары мүнөздөлөт. Бул билим берүү уюмдарынын администрациясы окуу-тарбия иштеринин абалын талдоого жана иштиктүү жана продуктивдик чечимдерди табууга аракеттенерин билдирет. Башкаруунун уюштуруунун чыгармачыл деңгээли билим берүү ишине чыгармачыл мамилени колдонуу менен мурунку деңгээлдерден айырмаланат. Бул деңгээлде башкаруучулук иш окуу-тарбия иштерин уюштуруунун жаңы ыкмаларын колдонууда, ошондой эле максатка жетишүү үчүн тиешелүү чараларды кабыл алуу менен билим берүү процессин терең талдоого негизделет.

Изилдөөнүн үчүнчү милдетин чечүү жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун уюштуруучу-педагогикалык шарттарын иштеп чыгууну болжолдоду.

Окумуштуу педагогдор В.И. Андреев, Ю.К. Бабанский, В.И. Загвязинский, И.Я. Лернер, П.И. Пидкасистый жагдайлар, факторлор, чөйрө, педагогикалык шарттарды бүтүндөй педагогикалык системаны түзүүнүн натыйжалуулугун камсыз кылууга өбөлгө түзүүчү чаралардын жыйындысы катары аныкталган. Педагогикалык шарттарды түзүү боюнча ата мекендик жана чет элдик авторлордун тиешелүү адабияттарын, билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча окумуштуулардын иштерин талдоонун жана жалпылоонун негизинде, биз тараптан жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкарууну ийгиликтүү ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү төмөнкү уюштуруучу-педагогикалык шарттар бөлүп көрсөтүлдү.

1. *Билим берүү уюмун башкаруунун натыйжалуулугу. Миссияны, уюмдун өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууда, натыйжалуу башкаруу чечимдерин кабыл алууда жетекчинин лидерлик ролу.* Билим берүү уюмун башкаруунун натыйжалуулугу администрациянын, кызматкерлердин, окуучулардын, ата-энелердин, коомчулуктун, ар түрдүү уюмдардын жана ведомстволордун окуутуу, тарбиялык максаттарды ишке ашыруу боюнча өз ара аракетинен көз каранды, уюштуруучулук, педагогикалык, кадрдык, материалдык-финансылык жана башка милдеттерди чечуу шартында. Бул маселелерди чечүү менен чындыгында натыйжага багытталган билим берүү процессин уюштурууга шарттар түзүлөт. Өз учурунда билим берүү уюмунун жетекчилиги, түздөн-түз мектептин жетекчиси билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу, мектептин ички жана тышкы баалоонун жол-жоболорун уюштуруу, жана бардык кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү максатында уюмдун миссиясын, саясатын жана өнүгүү стратегиясын иштеп чыгат. Бул мектеп жетекчисинин жетишээрлик жогорку педагогикалык квалификацияга ээ экендигин, педагогика

илиминин жана практикасынын заманбап жетишкендиктерин, ошондой эле курчап турган турмуштун талаптарын билүүсүн билдирет.

2. *Жетектөөчү жана педагогикалык кадрлардын кесиптик чеберчилигин жана квалификациясын камсыз кылуу.* Квалификациялык кадрлар билим берүү уюмдарынын түзүмүндөгү башкы субъекттер болуп саналат. Квалификацияланган кадрлардын жана эмгек ресурстарынын болушунун натыйжасында билим берүү уюмдары атаандаштык чөйрөдө ийгиликтүү калыптанат. Азыркы шарттарда кадрларды тандоого жана жайгаштырууга өзгөчө көңүл бурулат жана буга биринчи даражада маани берилет. Бул үчүн, билим берүү уюмдарында кадрларды тандоонун заманбап инновациялык методдору ийгиликтүү колдонулууга тийиш. Кадрдык курамды түзүү менен, кызматкерлердин жаңы билимдерди жана көндүмдөрдү, жеке касиеттерди жана компетенцияларды үзгүлтүксүз өздөштүрүү менен камсыз кылынуучу мекемелердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууга үзгүлтүксүз жетишилет. Кызматкердин кесиптик квалификациясынын натыйжасында белгилүү деңгээлге жетишилет жана иштин негизги түрлөрүн аткаруу үчүн зарыл болгон кесиптик сапатка ээ болот.

Билим берүү системасында негизги звено болуп кесиптик жана предметтик компетенцияларга, окуу процессин башкаруу көндүмдөрүнө, заманбап педагогикалык, анын ичинде маалыматтык технологияларга ээ болгон мугалим саналат. Ошондой эле мугалим санарип технологияларынын көндүмдөрүнө ээ болууга, билим берүү процесстеринде аларды ийгиликтүү колдонууга тийиш. Педагогдордун жана башкаруучулардын кесиптик чеберчилигин калыптандыруу жана өркүндөтүү квалификацияны жогорулатуу системасынын ийкемдүүлүгүн, билим берүү уюмдарынан келип чыккан милдеттерин, суроо-талаптарын эске алуу менен квалификациясын жогорулатуу программасын үзгүлтүксүз жаңылоону талап кылат. Бүгүнкү күндө квалификацияны жогорулатууну уюштуруунун жаңы моделине өтүүнүн укуктук, уюштуруучулук жана финансылык механизмдерин чагылдырган педагогикалык кызматкерлерин жана башкаруучуларын методикалык колдоо системасын түзүүгө талаптарды пайда кылат.

Жогорулатуу системасынын өркүндөтүү боюнча ишти өз ара интеграциялоо бирдиктүү идеологиялык аныктамаларды түзүүгө, постдипломдук билим берүү чөйрөсүндө билим берүү процессин уюштурууга жаңы мамилелерди түзүүгө, педагогикалык жана башкаруучу кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу системасына мамилелерди өзгөртүүгө багытталган.

3. *Стратегиялык пландарды иштеп чыгуу жана кабыл алуу аркылуу инновациялык өнүктүрүүгө билим берүү мекмелеринин багыттуулугу.* Ушул шарт инновациялык өнүктүрүүнү камсыз кылуучу билим берүү мекемелерин өнүктүрүү пландарын иштеп чыгуу болжолдонот. Азыркы заманбап шарттарда стратегиялык пландарды иштеп чыгуунун жана кабыл алуунун жардамы менен камсыз кылынат. Стратегиялык план өз убагында өсүгө байкоо, өнүктүрүүнү каржылоого пландоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Стратегиялык планды иштеп чыгуу үчүн мекеменин жамааты мекеменин максатын так коюусу жана

өнүктүрүү тенденцияларын түшүнүүсү үчүн зарыл. Стратегиялык план мектептин педагогикалык жана башкаруучулук системасын өнүктүрүүнүн маанилүү багыттарынан турган планда мектептин келечегинин жалпы ой-пикирине айланат, ошондой эле аларды ишке ашыруунун ырааттуулугун камтыйт. Стратегиялык план мекеменин ишинин белгилүү бир циклин ийгиликтүү аяктоо үчүн негиз катары кызмат кылышы мүмкүн. Стратегиялык план мекеменин жетекчисине багытты түшүнүүгө, өткөн этапты талдоого, жакшыртуу жана өсүү үчүн өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жардам берет. Демек, стратегиялык план жетекчинин түрткү берүүчү жана бардык жамаат үчүн коюлган максатка жетишүүгө салым кошууга маанилүү курал болуп саналат.

4. *Мектепте уюштуруу жана методикалык иштерди өркүндөтүү.* Педагогикалык шарттарды уюштуруу жана методикалык иш катары бөлүп кароо зарылдыгы окуучулардын негизги жана предметтик компетенцияларды түзүүнүн зарылдыгы менен шартталган, алар келечек муунду даярдоого маанилүү талаптар катары мамлекеттик жана предметтик стандарттан киргизилген. Жалпы билим берүү мекемелериндеги уюштуруу иштери өзүнө мекеменин ишин толук кандуу уюштуруу үчүн ресурсту көрсөтүүчү процессти берет. Уюштуруу ишин негизинен жамааттын биргелешкен жана макулдашылган иши үчүн зарыл шарттарды түзүү менен мекеменин жетекчиси жүргүзөт. Жетекчи көптөгөн мүмкүн болуучу альтернативалардын ичинен туура келген чечимдерди тандайт, алардын ар бири калгандарына уюштуруу чечимдерин кабыл алуунун тууралыгы көз карашында жол бошотот.

Методикалык иш бирдиктүү билим берүү системасынын маанилүү элементи, педагогдордун кесипкөйлүгүн өркүндөтүүнүн, алардын квалификациясын жогорулатуунун щарттары болуп саналат. Методикалык иш инновациялык чөрйөнү түзүү үчүн уюштуруу негизи катары чыгат, бул билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун негизги шарты болуп саналат. Ал иштин ар түрдүү формаларын карайт. Методикалык иштин формаларынын ар түрдүүлүгү максаттын татаалдыгы жана көп түрдүүлүгү, мектептеги конкреттүү шарттардын ар түрдүүлүгү менен аныкталат. Мектептеги методикалык ишти методикалык кеңеш жүзөгө ашырат, ал эми айрым учурларда – психологиялык-педагогикалык концепцияга жана жобого негизделген методикалык бирикме, иш.

5. *Билим берүү мекемелеринин кызматкерлерине кызыктыруу жана түрткү берүү боюнча механизмдерди түзүү.* Билим берүү мекемелеринин кызматкерлерин, анын ичинде мектеп мугалимдерин дагы кызыктырып, түрткү берүү керек. Алар мекеменин ишин автивдештирүүнүн реалдуу фактору болуп саналат, акыр аягында билим берүүнү сапатын камсыз кылат. Кызыктыруу жана түрткү берүү уюмдун кызматкеринин муктаждыгын канааттандырууга өбөлгө түзөт. Уюмдун бардык иши, кабыл алынган планды аткаруу, анын ичинде билим берүү иши билим берүү мекемесинин кызматкери үчүн муктаждык болууга тийиш. Муктаждык иштин жүйөсүнө айланат, бул мекеменин жетекчиси тарабынан сый акы менен бекемделет.

*6. Билим берүүнү башкаруу системасына маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) киргизүү.*

Билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын компьютерлештирүү билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасын түзүүнүн курамдык бөлүгү болуп саналат. Бул милдетке ылайык билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Рсепубликасынын мектептерин компьютердик технолгиялар, Интернет глобалдык тармагына кошулуу аркылуу кеңири масштабдуу компьютерлештирүү милдетин баштаган. 2015-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бюджеттик каржылоонун алкагында Кыргызстандын мектептерин компьютер менен жабдуу процесси башталган. 2020-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Дүйнөлүк Банктын жана Евробирликтин колдоосунда “Жаңы мектеп – келечектин мектеби” билим берүү концепциясынын жаңы долбоору даярдалган. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен биргеликте интернет менен кеңири камсыз кылуу үчүн бардык мектептерди бирдиктүү провайдерге өткөрүү боюнча иш алып барат.

**«Педагогикалык эксперимент жана анын натыйжалары»** аттуу үчүнчү бөлүм изилдөөнүн төртүнчү милдетин чечүүгө арналган. Биздин изилдөөдө тажрыйбалык-педагогикалык иш текшерүүгө, андан кийин диссертациялык изилдөө ишин долбоорлоо, пландоо жана ишке ашыруу процессинде түзүлгөн теориялык-методологиялык божомолдорду, окуу-методикалык иштелмелерди жана гипотезаны негиздөөгө мүмкүндүк берүүчү башкы таануу методдорунун бири болуп саналган педагогикалык эксперимент болуп көрсөтүлгөн.

Жалпысынан, биздин педагогикалык эспериментtин башкы максаты биз тараптан түзүлгөн педагогикалык эксперименттик текшерүү, ошондой эле принципиалдуу мааниге ээ болгон билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча теориялык жоболорду текшерүү болду.

Эксперименттик изилдөөнүн **гипотезасы:** жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнү сапатын башкаруу процесси натыйжалуу болот, эгерде:

– мектептик билим берүү системасынын алкагында айрым процесстердин системалуулугун, үзгүлтүксүздүгүн, технологиялуулугун камсыз кылуучу мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруу процессине карата *методологиялык мамилелердин жыйындысы* пайдаланылат;

– сапатты камсыз кылуучу процесстерди системалуу жана ырааттуу түзүүнү камсыз кылуучу *мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели* ишке ашырылды;

– мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун иштиктүү деңгээлине жетишүүнүн пландуулугун жана бардыгын камтуусун камсыз кылуучу уюштуруучу-педагогикалык шарттар түзүлөт.

Андан ары биздин тажрыйбалык-педагогикалык иштин максатында милдеттерин конкреттештиребиз.

Иштин тажрыйбалык-педагогикалык максаты – биз тараптан илимий коюлган тажрыйбанын натыйжасында, жалпы мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун иштиктүү жана натыйжалуу деңгээлине жетишүүнү камсыз

кылууда биз тараптан жүзөгө ашырылуучу натыйжалуулукту текшерүү максатында жалпы мектептик билим берүүнүн сапатын камсыз кылууда башкаруучулук ишке мамилелерди өзгөртүү, уюштуруучу-педагогикалык шарттарды түзүү жана сапатты башкаруунун жаңы моделин киргизүү.

Тажрыйбалык-педагогикалык иштин **этаптары:**

**Биринчи этап** – иштердин төмөнкү түрлөрүн мүнөздөгөн *уюштуруучу-даярдык этабы*:

– экспериментти долбоорлоо;

– эксперименттин объекттерин ылгоо/тандоо (жалпы мектептик билим берүүнүн билим берүү уюмдары, педагогикалык кызматкерлерден окуган мектептик топтор: мугалимдер, директорлор, окуу бөлүмүнүн башчылары, ММБ (мектептик методикалык бирикмелер) төрагалары);

– диагностикалык куралдарды иштеп чыгуу;

– критерийлерди жана көрсөткүчтөрдү аныктоо, ага ылайык изиденүүчү феноменге жетишүү деңгээлин аныктоого болот.

**Экинчи этап** – *эксперимент өткөрүүнүн этабы,* анын эки түрү көрсөтүлгөн: аныктоочу этабы жана изденүүчү эксперимент. Ушул этаптын жүрүшүндө биз тарптан иштелип чыккан билим берүүнүн сапатын башкаруунун млделинин натыйжалуулугу жөнүндө, сунушталган мамилелелрдин жыйындысынын методологиялык мамилелердин натыйжалуугу жөнүндө, диагностикалык куралдардын натыйжалуулугу жөнүндө, ошондой эле биз тараптан иштелип чыккан уюштуруучу-педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу жөнүндө суроолорго жооп алдык.

Бул этапта, атап айтканда аныктоочу экспериментти ишке ашырууда биз тараптан эксперименттик жагдай түзүлгөндүгүн белгилөө керек, анын жүрүшүндө кандайдыр бир өзгөртүүлөргө дуушар болушу мүмкүн болгон изилденүүчү көз карандылыктын кандайдыр бир ички/тышкы факторлордун таасиринин алдында изилденүүчү феномендин процессин түзүү жүзөгө ашырылган эмес, бул бизге башталгыч абалын, атап айтканда мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун деңгээлин аныктоого; эксперименттин катышуучуларынын өздөрүнүн билим берүү натыйжаларын калыптануу деңгээлин баалоого; айрым билим берүү процесстериндеги мүмкүн болуучу кыйынчылыктарды айкындоого; эксперимент жүргүзүү үчүн убактылуу ресурстарды баалоого; иштелип чыккан диагностикалык куралдардын натыйжалуулугун аныктоого мүмкүндүк берди.

Билим берүүнүн сапатын башкаруунун мамилелеринин жана принциптеринин маселелерин изилдөөнүн натыйжалары, билим берүүнүн сапатын башкаруу моделин иштеп чыгуу жана мектепте билим берүүнүн сапатын башкарууну ийгиликтүү уюштуруу үчүн педагогикалык шарттарды түзүү мектептик билим берүүнүн илимий негиздерин аныктоого мүмкүндүк берди.

**Үчүнчү этап** – *жыйынтыктоочу*. Алдын ала жүргүзүлгөн эки этаптардын процессинде биз талдаган жана баалаган белгилүү натыйжаларды ала алдык:

– эмпирикалык методдорду колдонуу жолу менен биз эксперименттик

чаралардын таасирин аныктадык жана билим берүүнүн сапатын башкаруунун деңгээлин аныктадык;

– уюштуруучу-педагогогикалык шарттар мүнөздөлдү, аны түзүү мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун деңгээлине жетишүү боюнча натыйжалуулугун камсыз кылууну тартат;

– мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун сунушталган моделин колдонуунун алкагында мүмкүнчүлүктөр жөнүндө сунуштамалар түзүлдү.

Иштин тажрыйбалык-педагогикалык процессинде биз тараптан теориялык (талдоо жана синтез, теориялык билимдерди моделдөө жана конкреттештирүү) жана эмпирикалык (педагогикалык байкоо, сурамжылоо, тестирлөө, маек, контент-талдоо) методдор пайдаланылды.

Жогоруда көрсөтүлгөн методдорго ылайык, биз тараптан менеджмент боюнча Европа Фондунун (EFQM) моделине негизделген диагностикалык курал иштелип чыккан, ал жогорку билим берүү уюмдарын диагностикалоодо бир кыйла популярдуу болуп саналат, билим берүү уюмдарын өркүндөтүүгө жетишүү деңгээлин, ошондой эле уюмдун башкаруучулук потенциалынын кубаттуулугун жана натыйжалуулугун өлчөөнүн деңгээлин салмактайт. Бул методиканы мектептик билим берүүнүн сапатын башкарууну баалоо үчүн ыңгайлаштырылды. Диагностикалык курал катары биз айрым критерийлердин топтомун өлчөдүк, тиешелүүлүгүнө жараша, көрсөткүчтөрдүн айрым коэффициенттеринин салмактуу маанисин аныктадык. Олуттуу маани мектептик уюмдун жетектөөчү жана педагогикалык персоналы үчүн семинар-тренинг уюштурууну аныктады (28 с.).

Мектептик билим берүүнүн сапатынын деңгээлине жетишүү деңгээлинде долбоорлоодо салмактуу коэффициенттердин маанисин аныктоо үчүн, биз эксперттик сурамжылоо жүргүздүк (билим берүү уюмдарынын жетекчилери, билим берүү системасынын эксперттери, билим берүү жана илим министрлигинин кызматкерлери), ал мектептик билим берүүнүн сапатын мүнөздөөчү негизги критерийлердин салыштырма салмагы пайыздык маанини бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берди.




**3.1-сүрөт. Мектептик билим бреүүнүн сапатын мүнөздөөчү негизги критерийлеринин салыштырма салмагын бөлүштүрүү.**

Критерийлердин ар бири өз критерийчелерине ээ, алар мектептик билим берүүнүн сапатынын тиешелүү деңгээлине жетишүүнү камсыз кылууда ар

түрдүү салыштырма салмагы менен мүнөздөлөт. Мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун механизмдеринин баалоонун критерийлерин жана критерийчелирин иштеп чыгуу биздин тажрыйбалык-педагогикалык иштин маанилүү этабы болгон. Биздин изилдөөнүн логикасына ылайык, ар бир критерийчелерин конкреттүү мазмуну менен «толтуруу» зарыл, бул өзүнө көрсөткүчтөрдү көрсөтөт. Биз таблицалык форма жана критерийлерди баалоо боюнча диагностикалык курал болуп саналган критерийлик баалоо базасын иштеп чыктык.

Диагностикалык куралды иштеп чыгууда системалуу мамиле колдонулду, ал мектептик системанын айрым элементтерин гана баалоого эмес, бардык түзүмдүк компоненттерди, ички жана тышкы факторлорду, механизмдерди жана тутумчаларды камтыган сапатты башкаруунун комплекстүү системасын баалоого мүмкүндүк берет. Жогоруда көрсөтүлгөн эсептин методикасына ылайык, эсептерди жүргүздүк. Негизине EFQM модели кирген биз тараптан пайдаланылуучу моделди логикалуу аяктоо менен жана сапатка жетишүү деңгээлин аныктоону ишке ашыруу үчүн биз ыңгайлаштырган модель RADAR баалоо матрицасы болуп саналат.

Андан ары тигил же бул критерийлерди кароодо биз аныктай/тандай турган деңгээлдерди баалоо шкаласын карайбыз:

*1-деңгээл (төмөн)*: 0 – 10 маалымат жок, же болбосо **кокусунан.**

*2-деңгээл (орто)*: 10 – 35 белгилүү позитивдүү маалыматтын же **иштиктүү** тенденциялардын болушу

*3-деңгээл (базалык):* 35 – 60 көрсөткүчтөрүнүн жарымы боюнча маанилүү иштиктүү маалымат, **оң жана ийгиликтүү** иштин тенденциясы

*4-деңгээл (жетиштүү):* 60 – 85 көрсөткүчтөрүнүн көпчүлүгү боюнча ачык иштиктүү маалымат, **мыкты** иштин тенденциялары.

*5-деңгээл (жогорку):* 85 – 100 **жалаң оң маалымат,** бардык көрсөткүчтөр боюнча **мыкты жыйынтыктар.**

Сапатка жетишүү боюнча билим берүү мектептик уюмдарынын деңгээлин аныктоо үчүн, EFQM моделинин белгиленген сандык мүнөздөмөсүнө да багыт алдык, бирок деңгээлди мүнөздөөчү сапатттык мүнөздөмөлөр төмөнкүдөй белгиленди:

1. Өнүктүрүүгө умтулуунун белгилерисиз – 0 балл.
2. Издөөчү уюмдар – 250 баллга чейин.
3. Өркүндөтүүчү/өнүктүрүүчү уюмдар – 250-500 балл.
4. Үлгүлүү уюмдар – 500-750 балл.
5. Эталондук уюмдар – 750 баллдан жогору.

Ошентип, ушул куралдарды ишке ашыруу менен биз тараптан жыйынтык натыйжага таасирин тийгизген айрым факторлор эске алынды, бул – мектепте СМК болушу, мектептик билим берүүнүн сапатынын деңгээлин баалоонун ушуга чейин буга окшогон өзүн-өзү баалоонун башка системасы болгонбу, ички өзүн-өзү баалоонун башка же буша окшогон регламенттелген жол-жобосу болгонбу, эгерде баалоонун башка механизмдери колдонулса, талкууланганбы жана мектепте сапатты камсыз кылуу боюнча башка процесстер кандай түзөтүлгөн, мектептик билим берүүнү өркүндөтүү боюнча сунуштама же ди-

рективдик мүнөздөгү каалоолор болгонбу, мектептик билим берүүнүн сапатын жакшыртуу/төмөндөтүү динамикасы талданганбы.

Өзүн-өзү баалоо жол-жоболорун ишке ашыруу алгоритми төмөнкү процесстер менен бекемделет:

1. Мектеп директорунун буйругу менен өзүн-өзү баалоо үчүн жумушчу топ түзүлөт.

2. Өзүн-өзү баалоо боюнча милдеттенмелерди бөлүштүрүү жүзөгө ашырылат.

3. Критерийлер, көрсөткүчтөр, сандык маалыматтар боюнча жумушчу топко нускоо жүргүзүлөт (баллдар, пайыздар), ар бир критерийди сыпаттоо.

4. Сурамжылоо формасы жана деңгээлдердин долбоору менен таанышуу, критерийдин тигил же бул деңгээли үчүн баллдардын шайкештиги.

5. Так, түшүнүктүү жана анык материалдардын негизинде макулдашылган формаларды толтуруу.

6. Тандалган деңгээлдер жана интегралдык сунуштамалар боюнча критерийлердин маанисин эсептөө.

7. Сунуштамаларды жакшыртуу, сыпаттоо үчүн тармактарды терең талдоо жана аныктоо.

Тажрыйбалык-педагогикалык иштер мектеп уюмдарынын сапатына жетишүү деңгээлин айкындоого багытталган аныктоочу жана калыптандыруучу этаптарда жүргүзүлдү. Эксперимент жүргүзүүдө мектеп уюмдарынын административдик жана педаогикалык персоналы, райондук ББ/шаардык ББ өкүлдөрү, ошондой эле областтык билим берүү институттарынын жана методикалык билим берүү борборлорунун методисттери аракеттеништи:

– (Ом. № 1) А.Жакшылыков атындагы № 1 Сокулук мектеп гимназиясы;

– (Ом. № 2) № 1 Аламедин орто мектеби;

– (Ом. № 3) Баткен ш. В.И. Ленин атындагы орто мектеби;

– (Ом. № 4) Чоң-Алай районундагы Алайчы у. Саит атындагы орто мектеби;

– (Ом. № 5) профессор А. Молдокулов атындагы улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи.

Эксперименттин аныктоочу этабынын жүрүшүндө критерийлердин деңгээлдеринин кыйла аярлуу жана жогору эмес көрсөткүчтөрү айкындалды: 1 – Лидерлик, 2 – Саясат жана стратегия, 3 – Персонал, 4 – Ресурстар жана өнөктөштөр, 5 – Процесстер. 1-2, сейрек учурларда 1-3 деңгээлдери административдик процесстердин деңгээлинде жетекчилик лидерликти көрсөтөт (чарбалык маселелер, уюштуруу процесстери ж.б.). Ушул маселелер окутуу жана тарбиялоо мазмундуу процесстеринин кызыкчылыгынан жогору турат. Мектептер саясатка жана өнүгүү стратегиясына ээ болуу менен, саясатты жана стратегияны ишке ашыруунун маңызын көңүлгө илбестен, фрагменттик жана системасыз мамилени пайдаланат. Жетишкендиктер талданбайт, динамикада ал тургай минималдуу жакшыртуулар дагы талданбайт. Персонал, атап айтканда мугалим, ар дайым эле окутуучу предметтерди долбоорлоодо ээлеген кызматына ылайык келе бербейт. Ресурстар дагы жакшыртууну талап кылат: окуу материалынын, окуу-методикалык комплекстердин

жетишсиздиги, жогорку ылдамдыктагы интернеттин жоктугу, компьютердик жабдуунун аздыгы да уюмдардын сапатын жана окуу сабактарына

сапаттуу даярдануу мүмкүнчүлүгүн төмөндөтөт.

Мектепте көптөгөн ички процесстер системалуу жана процесстик мамилелер позициялары менен талданат. Администрацияда жана педагогикалык персоналдын сапатты камсыз кылууда системалуу түшүнүгү жок, мектепте ишке ашырылуучу бардык процесстердин себеп иликтөө байланыштар түшүнүгү жок.

Аныктоочу эксперименттин маалыматтарын талдоо жалпы билим берүү уюмдарында билим берүүнүн сапатын өркүндөтүү боюнча биз иштеп чыккан педагогикалык шарттарды жана моделдерди ишке ашыруу изилденүүчү феномендин деңгээлинин өсүүсүнө көмөк көрсөтөт деген корутундуга келүүгө мүмкүндүк берди, бул сандык көрсөткүчтөрдү көрсөтөт. Жогоруда айтылгандар мектептик билим берүүнүн сапатынын өсүүсүн камсыз кылуучу процесстерди өркүндөтүү боюнча биз иштеп чыккан моделдин педагогикалык шарттарын ишке ашыруунун зарылдыгы тууралуу божомолду тастыктады (3.1-таблица).

Иштин тажрыйбалык-эксперименттик жыйынтыктоочу этабы сапатка жетишүү деңгээлин аныктоодо иштелип чыккан эсептердин методикасынын моделинин натыйжалуулугун талдоодон жана сапаттык-сандык баалоодон турат. Изденүүчү эксперименттин натыйжалары мектептик билим берүүнүн жетишилген сапатынын деңгээлдери боюнча оң динамикасы тууралуу тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет, ал эксперименттик топто байкалды (10-20%га).

**3.1-таблица. – Жалпы билим берүүчү уюмдардын сапатына жетишүүнүн деңгээлдик көрсөткүчтөрү (аныктоочу эксперимент; изденүүчү эксперимент)**

| Б | Аныктоочу эксперименттин этабында | | | | | | | | | Калыптандыруучу эксперименттин этабында | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** |
| М1 | 5 | 3 | 5 | 8 | 5 | 7 | 5 | 5 | 5 | 7 | 5 | 3 | 7 | 5 | 3 | 8 | 8 | 3 |
| М 2 | 6 | 4 | 1 | 7 | 3 | 5 | 5 | 4 | 2 | 5 | 3 | 1 | 6 | 3 | 4 | 9 | 5 | 5 |
| М 3 | 3 | 1 | 5 | 4 | 4 | 5 | 4 | 3 | 4 | 6 | 2 | 3 | 8 | 1 | 2 | 7 | 2 | 2 |
| М 4 | 1 | 4 | 2 | 4 | 9 | 9 | 2 | 5 | 1 | 2 | 3 | 0 | 7 | 2 | 9 | 2 | 3 | 1 |
| М 5 | 7 | 5 | 3 | 2 | 5 | 5 | 5 | 8 | 5 | 3 | 6 | 7 | 0 | 8 | 7 | 9 | 0 | 9 |

Төмөндө профессор А. Молдокулов атындагы Улуттук иновациялык технологиялар мектеп лицейиндеги эксперименттин натыйжалары көрсөтүлдү.




**3.2-сүрөт. А. Молдокулов атындагы Улуттук иновациялык технологиялар мектеп лицейи.**

Профессор А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп лицейи ресурстардын абалын жана жеткиликтүүлүгүн эске алуу менен 1-критерий боюнча экспериментти аныктоо стадиясында салыштырмалуу жогорку натыйжаларды көрсөттү – сапат менеджменти системасы иштелип чыккан жана ишке ашырылууда, билим берүү ишин баалоо жол-жоболору жүзөгө ашырылат; 4-критерий боюнча - окуу материалдары жана жабдуулар менен камсыз кылуу, МКТны колдонуу; 8-критерий боюнча - окуучулардын жана ата-энелердин канааттануусунун жетишерлик жогорку даражасы; педагогикалык шарттарды жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу моделдерин ишке ашыруу менен 3-критерий боюнча калыптандыруучу эксперименттин этабында деңгээлдик көрсөткүчтөрдүн өсүшүнө да өбөлгө түздү, бул мектептин педагогикалык жамаатынын мектеп ишмердүүлүгүнө активдүү катышуусу жана алардын мотивациясы; 5-критерий боюнча окуу процессине компетенттүү мамилени ишке ашырууну жана аны методикалык камсыздоону эске алуу менен; 9-критерий боюнча мектептин ишмердүүлүгүндө жалпы жетекчиликти жана процесстерди координациялоону эске алуу менен.

## ЖЫЙЫНТЫК

1. Изилдөөдө “сапат”, “билим берүүнүн сапаты” түшүнүктөрүнүн маңызы изилденди. Билим берүү процесси, натыйжасы жана шарттары билим берүүнүн сапатынын башкы компоненттери болуп саналат. Билим берүүнүн сапатына жетишүү үчүн билим берүү процесси жана натыйжасы жана шарттары белгилүү сапатка ээ болушу үчүн зарыл. “Башкаруу”, “билим берүүнү башкаруу”, “билим берүүнүн сапатын башкаруу” түшүнүктөрү изилденди. Билим берүүнүн сапатын башкаруу инновацияларды киргизүүнү жана

администрациянын башкаруучулук ишин жана мугалимдердин ишин караган мектептин инновациялык иши менен тыгыз байланыштуу.

2. Билим берүүнүн сапатын башкарууга системалуу, ишмердик, квалиметрикалык, технологиялык, инсанга багытталган, методологиялык мамилелердин маанисин аныктадык. Билим берүүнүн сапатын башкаруу ишин жөнгө салган бүтүндүк, ырааттуулук, баалуулукка багытталгандык, өзүн-өзү өнүктүрүү, рефлекция принциптери аныкталды. Жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели иштелип чыкты, анда концептуалдуу, мазмундуу-максаттуу, диагностикалык-аналитикалык, ишмердик-мониторингдик жана жыйынтыктоочу блоктор бөлүп көрсөтүлдү жана мүнөздөлдү.

3. Изилдөөдө жалпы билим берүүчү мектепте ийгиликтүү башкарууга өбөлгө түзүүчү жагдай катары билим берүүнүн сапатын башкаруунун уюштуруучу-педагогикалык шарттары аныкталды:

– билим берүү уюмун башкаруунун натыйжалуулугу. Миссияны, уюмдун өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууда, натыйжалуу башкаруу чечимдерин кабыл алууда жетекчинин лидерлик ролу.

– жетектөөчү жана педагогикалык кадрлардын кесиптик чеберчилигин жана квалификациясын камсыз кылуу;

– билим берүү мекемелеринин стратегиялык пландарды иштеп чыгуу жана кабыл алуу жолу менен инновациялык өнүктүрүүгө багыттуулугу;

– уюштуруу жана методикалык иштерди өркүндөтүү;

– кызматкерлерди эмгекке кызыктыруу жана түрткү берүү;

– билим берүүнүн сапатын башкаруу процессинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүү.

4. Эксперимент ар түрдүү жалпы билим берүү уюмдарында түзүлгөн моделдин натыйжалуулугун текшерүүгө мүмкүндүк берет. Билим берүнү башкаруунун бул модели билим берүү системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу, жалпы мектептик билим берүүнүн сапатына жетишүү үчүн пайдаланууга боло тургандыгы далилденди. Жалпы мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун натыйжалуулугуна моделдин блокторунда келтирилген аракеттерди аткаруу тартибин так сактоо, өзгөчө билим берүү уюмдарында ишти мониторинг кылууну уюштуруунун жардамы менен жетишилет.

Жүргүзүлгөн теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөр мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун төмөнкүдөй мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берди:

– мектепте билим берүүнүн сапатын камсыз кылууда башкаруу жана аткаруу ишинин биримдиги;

– мектептеги билим берүүнүн сапатына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү жана башкаруу чечимдерин кабыл алуу;

– билим берүүнүн натыйжалары башкаруучулук чечимдердин негизи болуп саналат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР

Диссертациянын темасын изилдөө жана изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн педагогикалык эксперимент жалпы мектепте билим берүүнүн сапатын башкарууну жакшыртуу боюнча практикалык сунуштарды берүүгө мүмкүндүк берди:

1. Билим берүүнүн сапатын башкаруунун жалпы стратегиясын камсыз кылган методологиялык ыкма сунушталат. Бул мамилеге ылайык, алгач менеджменттин максаты так аныкталууга тийиш, б.а. келечектеги натыйжа. Көзөмөлдөө каражаттары максатка ылайык тандалышы керек.

2. Мектептин ишин баалоодо аныкталган мамилелердин жана принциптердин негизинде иштелип чыккан мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруу моделин колдонуу сунушталат.

3. Иштелип чыккан моделге ылайык билим берүүнүн сапатын башкаруунун абалын диагностикалоо, мектептик билим берүүнүн сапатын башкарууну жакшыртуу боюнча планды талдоо жана иштеп чыгуу сунушталат.

4. Ийгиликтүү башкарууга шарт түзгөн жагдайлар катары жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруу үчүн уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды түзүү сунушталат.

Бул методологияны билим берүүнүн сапатына жетишүү деңгээлин аныктоо үчүн жалпы билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосу үчүн жана бул методика аттестациялык экзамендин кандай түрү болбосун, анын ичинде билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун алкагында колдонууну сунуштайбыз.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. **Кудайбердиева, Г.К.** Управление качеством образования: принципы и факторы [Текст] / Г.К. Кудайбердиева // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2017. – 116-119-бб.

2. **Кудайбердиева, Г.К.** Механизмы управления качеством образования [Текст] / Г.К. Кудайбердиева // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кабарлары. – 2018. – 61-64-бб.

3. **Кудайбердиева, Г.К.** О понятиях «образование» и «качество» [Текст] / Г.К. Кудайбердиева // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2020. – 109-111-бб.

4. **Кудайбердиева, Г.К.** Качество образования и его характеристики [Текст] / Г.К. Кудайбердиева // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2020. – № 4. – 17-22-бб. (РИНЦ) http://www.vestnik.knu.kg

5. **Кудайбердиева, Г.К.** О критериях качества школьного образования [Текст] / Г.К. Кудайбердиева // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2020. – № 2. – 58-65-бб. (РИНЦ) http://www.elibrary.ru

6. **Кудайбердиева, Г.К.** О показателях в системе школьного образования [Текст] / Г.К. Кудайбердиева // Известия вузов Кыргызстана. – 2020. – №5. – 173-176-бб. (РИНЦ) http://www.science-journal.kg

7. **Кудайбердиева, Г.К.** Качество знаний как важный компонент качества образования [Текст] / Г.К. Кудайбердиева // Тенденции развития науки и образования. – 2021. – 88-91-бб. (РИНЦ) http://www.elibrary.ru

8. **Кудайбердиева, Г.К.** Основные понятия управления образованием [Текст] / Г.К. Кудайбердиева // К. Карасаев атындагы БМУ. – 2021. – №1. – 10-13-б. (РИНЦ) http://www.elibrary.ru

9. **Кудайбердиева, Г.К.** Об уровнях организации управлением качеством образования [Текст] / Г.К. Кудайбердиева // Alatoo Academic Studies. – 2021. – № 1. – 74-81-б. (РИНЦ) http://www.elibrary.ru

10. **Кудайбердиева, Г.К.** Проблемы школьного образования [Текст] / Г.К. Кудайбердиева // Alatoo Academic Studies. – 2021. – №1. – 82-88-бб. (РИНЦ) http://www.elibrary.ru

11. **Кудайбердиева, Г.К.** Основные подходы к управлению качеством общего образования [Текст] / Г.К. Кудайбердиева // Alatoo Academic Studies. – 2021. – №2. – 57-63-бб. (РИНЦ) http://www.elibrary.ru

**Кудайбердиева Гульмира Каримовнанын «Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн сапатын башкаруунун илимий негиздери» аттуу темадагы 13.0.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн**

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** жалпы мектептик билим берүү, билим берүүнүн сапаты, билим берүүнү башкаруу, билим берүүнүн сапатын башкаруу, билим сапаты, педагогикалык шарттар.

**Изилдөөнүн объекти.** Жалпы мектептик билим берүүнү башкаруу процесси.

**Изилдөөнүн предмети.** Жалпы мектептик билим берүүнүн сапатын башкаруунун илимий негиздери.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасындагы мектептик жалпы билим берүүнүн сапатын башкаруунун илимий негиздерин, моделдерин, мектептик жалпы билим берүүнүн сапатын башкаруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу жана анын натыйжалуулугун эксперименталдык негиздөө.

**Изилдөөнүн методдору.** Изилденүүчү көйгөй боюнча адабияттарды талдоо; билим берүүнү башкаруунун тажрыйбасын жалпылоо; сурамжылоо жана аңгемелешүү; моделдин натыйжалуулугун текшерүү боюнча эксперимент; эксперименттин натыйжаларын иштеп чыгуу боюнча статистикалык методдор.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

– «билим берүүнүн сапаты» түшүнүгүнүн маңызы өз ара байланышкан элементтерден турган система катары такталды (билим берүү процессинин сапаты, билим берүү натыйжасынын сапаты, шарттардын сапаты);

– мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун мамилелери жана принциптери аныкталды;

– жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын башкаруунун модели иштелип чыкты;

– жалпы билим берүүчү мектепте билим берүүнүн сапатын натыйжалуу башкарууга өбөлгө түзүүчү уюштуруу-педагогикалык шарттар аныкталды.

**Пайдалануу боюнча сунуштамалар.** Изилдөөдөн алынган натыйжалар реалдуу педагогикалык практиканын шарттарына ыңгайлаштырылган жана жалпы билим берүүчү мектептердин практикалык ишинде колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү:** жалпы мектептик билим берүү системасын өркүндөтүү үчүн методикалык материалдар жана сунуштамалар катары, билим берүү башкармалыгынын жетекчилеринин квалификацияларын жогорулатуу курстарында колдонулушу мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

**на диссертационное исследование Кудайбердиевой Гульмиры Каримовны на тему: «Научные основы управления качеством общего среднего образования в Кыргызской Республике» представленную на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования**


**Ключевые слова**: школьное общее образование, качество образования, управление образованием, управление качеством образования, качество знаний, педагогические условия.

**Объект исследования.** Процесс управления общего образования.

**Предмет исследования.** Научные основы управления качеством общего образования.

**Цель исследования:** разработка научных основ управления качеством школьного общего образования в Кыргызской Республике, модели, педагогических условий управления качеством школьного общего образования и экспериментальное обоснование его эффективности.

**Методы исследования.** Анализ литературы по исследуемой проблеме; обобщение опыта управления образованием; анкетирование и беседа; эксперимент по проверке эффективности модели; статистические методы по обработке результатов эксперимента.

**Научная новизна исследования**:

– уточнена сущность понятия «качество образования» как системы, состоящее из взаимосвязанных элементов (качество образовательного процесса, качество результата образования, качество условий);

– определены подходы и принципы управления качеством школьного общего образования;

– разработана модель управления качеством образования в общеобразовательной школе;

– определены организационно-педагогические условия, способствующие эффективности управления качеством образования в общеобразовательной школе.

**Рекомендации к использованию.** Полученные результаты исследования адаптированы условиям реальной педагогической практики и могут быть применены в практической деятельности общеобразовательных школ.

**Область применения:** в качестве методических материалов и рекомендаций для совершенствования системы школьного общего образования, на курсах повышения квалификации руководителей управления образованием.

## SUMMARY

**for the dissertation research of Kudaiberdiyeva Gulmira Karimovna on the topic: "Scientific bases of quality management of general secondary education in the Kyrgyz Republic" submitted for the degree of candidate of pedagogical sciences in the specialty 13.00.01 – general pedagogy, history of pedagogy and education**

**Key words:** basic secondary education, education quality, education management, education quality management, knowledge quality, pedagogical conditions.

**Object of study.** General education management process.

**Subject of study.** Scientific foundations of quality management in general education.

**Purpose of the study.** Development of scientific substantiation for quality management of general school education in the Kyrgyz Republic, educational model, pedagogical conditions for quality management of general school education and experimental justification of its effectiveness.

**Research methods.** Analysis of the literature on the problem under study; generalization of experience in education management; questioning and conversation; an experiment to test the effectiveness of the model; statistical methods for processing the results of the experiment.

**Scientific novelty of the research:**

– the essence of the concept of "quality of education" as a system consisting of interrelated elements (the quality of the educational process, the quality of the result of education, the quality of conditions) has been clarified;

– approaches and principles of quality management of general secondary education have been determined;

– a model for managing the quality of education in a general education school has been developed;

– organizational and pedagogical conditions have been determined that contribute to the effectiveness of quality management of education in a general education school.

**Degree of use.** The results of the research are adapted to the conditions of real pedagogical practice and can be applied in the practical activities of general education schools.

**Scope:** The results can be used as teaching materials and recommendations for improving the system of general secondary education and applied in refresher courses for managers of education management.